УДК 37.018:378.14
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-256-260

**Жолдошева Айгүл**
И. Арабаев атындагы КМУ, костюмдун технологиясы, көркөм чеберчилиги жана текстиль кафедрасы, окутуучу
**Жолдошева Айгуль**
КГУ имени И. Арабаева, кафедра технология и искусство костюма и текстиля, преподователь
**Zholdosheva Aigul**
KSU I. Arabaeva, Department of Technology and Art, Costume and Textile, teacher

# ТЕХНОЛОГИЯ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДА КЫРГЫЗ КУРАГЫН “КИНУСАЙГА” ТЕХНИКАСЫ МЕНЕН ОКУУЧУЛАРГА ҮЙРӨТҮҮ
# ОБУЧЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ЭПОХЕ КИНУСАЙСКИМ ПРИЕМАМ В ИЗУЧЕНИИ ПРЕДМЕТОВ ТЕХНОЛОГИИ
# TEACHING THE KYRGYZ AGE IN KINUSAI TECHNIQUES IN THE STUDY OF TECHNOLOGY SUBJECTS

**Аннотация:** Макалада мектеп окуучуларына“Технология” предметин окутууда кыргыз курагын япон техникасы “кинусайганы” колдонуп, пенопластка түшүрүү жана кыргыз курагынын жана япон курагынын жаралуу тарыхын үйрөтүү менен бирге элестетүү, айырмалай билүү көндүмдөрүн өнүктүрүү, түстөр менен иштөө, түстөрдүн айкалышына, түстөрдүн адамдын психологиясына таасир берүүсүн үйрөнүүсү каралган.

**Аннотация:** В статье рассматривается изображение кыргызского лоскутного шитья “курак” в преподавании предмета «Технология» школьникам по японской методике «кинусайга», развитие воображения и познавательных способностей наряду с изучением истории кыргызской и японской техник лоскутного шитья, работ с цветами, изучением сочетание цветов и влияние цветов на психологию человека.

**Annotation:** The article discusses the image of the Kyrgyz patchwork “kurak” in teaching the subject “Technology” to schoolchildren using the Japanese method “kinusaiga”, the development of imagination and cognitive abilities along with the study of the history of Kyrgyz and Japanese patchwork techniques, work with colors, the study of color combinations and influence flowers on human psychology.

**Негизги сөздөр:** курак, кинусайга, технология, эмгекке үйрөтүү, түстөр.

**Ключевые слова:** курак, лоскутное шитье, кинусайга, трудовое обучение, цвета, технология, обучение.

**Keywords:** kurak, patchwork, kinusaiga, labor training, colors, technology, training

Курак- кыргыз элинин эзелтеден бери келе жаткан кол өнөрчүлүгүнүн бир түрү. Ал кыргыздын “куроо” деген сөзүнөн келип чыгып, кездеменин өөндөрүн бириктирүү (кошуп тигүү) дегенди билдирет жана куралган буюмга дагы , аларды жасоо ыкмасына да тиешелүү болот. Өнүгүү тарыхына кайрылып көрсөк, кол өнөрчүлүктүн бул түрү 2,5 миң жылдан ашык убакыттан бери келе жатат жана көптөгөн байыркы элдердин маданияттарында,анын ичинде бүтүндөй Борбордук Азиядан кездешет [1].

Курак куроо- "жоктон бар кылып,бир нерсе жасоонун" жакшы жолу. Кыргыз айымдары өз жашоосунда ,айрыкча акыркы убактарда кездеменин ар кандай өөндөрүнөн курап тигилген баш кийимдер, балдардын кийимдери, бешиктерге жабуулар жана жууркандар, үйлөнүү тоюна жабуу, жаздык, ээр жабуу, баштык, жууркан, килемдер,а түгүл заманбап үлгүдө тигилген улуттук кийимдерде кеңири колдонуп келүүдө..

Ал эми элдик ишенимдерге кайрылып көрсөк,курап тигилген буюмдарга сыйкырдуу мүнөздөмөлөр ыйгарылып, ийгилик жана гүлдөп-өсүү үчүн, жаман рухтардан коргоо үчүн, ал тургай, ушуга байланыштуу атайын ырым-жырымдар да колдонулуп келет. Мисалга алсак, күрк койнок – жаңы төрөлгөн ымыркайга 40 күн болгондо кийүүчү көйнөк. Көйнөктү апасы кошуна боз үйлөрдүн ээлеринен чогулткан 40 түрдүү кездемеден,тигишин сыртына каратып тигип кийгизген.Бул балага көз тийбесин деген ырымга байланыштуу. Ошондой эле көптөгөн курап тигилген буюмдар кыздын себине арналып тигилип келген. Кездеме өөндөрү үй-бүлөдөгү ар кандай тигилген кийимдерден калган кыйкымдары(өөндөрү) чогултулуп,алардын арасынан кара жана ак пахтадан болгон кездемелер курак үчүн өзгөчө баалуу деп эсептелген. Курак куроодо кара жана актан башка түстөр да колдонулган - өзгөчө кызыл,жашыл өңдөр [2].

Курак куроодо буюмдардын көбү окшош геометриялык фигуралар, пропорциялар жана симметрия, түрдүү түстөрдү жана татаал фигураларды колдонуу ар бир устага өзүнүн кайталангыс жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Курап тигилген буюмдарда эки негизги эки формасы : биринчиси төрт бурчтуу жана үч бурчтуу кесимдерден, экинчиси ар кандай түстөгү узун тилкелерден жасалган.Мисалы, элге кеңири “каттама курак”,”жылдызча”,”айырма курак”,”турна курак” ж.б. тарап келген. Баарынын арасында эң популярдуу үлгү ак фондо кара үч бурчтук болгон. Акыркы убакта курак менен ар кандай тамбурдук саймаларды,а түгүл токулган бөлүкчөлөрдү бири-бири менен айкалыштырып колдонулууда.Мектеп окуучуларына кыргыз курагын япон техникасы-кинусайгада колдонуу менен эки элдин кол өнөрчүлүгүнүн жаралуу тарыхын,окшоштуктарын жана айырмачылыктарын үйрөтүүгө болот. Курак куроодо өспүрүмдөр түстөрдүн айкалышы,геометриялык фиуралардын жайгашышы,элестетүү менен ар кандай кооздуктарды жаратуу жөндөмөрүн өнүктүрө алышат [3].

Ал эми “ кинусайга” техникасына кайрылсак,бул техниканын пайда болушуна жапондук үй кожойкелеринин үнөмдүү болгондугу себепчи болгон. Кимоно тиккенде калган кездеме калдыктарын жана эски буюмдарды ыргытпай, өзүнчө кутуга чогултушкан. Бул кездеме өөндөрү менен эскирген буюмдарды жана аксессуарларды жаңыртып, куурчактарга кийим тигип келишкен. Кездеменин өөндөрүн жапон кожойкелери үнөмдөп колдонуп келген болсо, XX кылымдын 80-жылдарында жапон айымы, Нагоя университетинин профессору **Маэно Такаши** кимоно кездемесинин калдыктарынан адаттан тыш көркөм чыгарма жаратууну чечип,кинусайга ыкмасын ойлоп таап жана ал көркөм чыгармачылык жогорку ийгиликке жеткен [5].

**Кинусайга** (япон. 絹彩画) – искусствонун бир түрү, көп түстүү кездемеден көркөм буюмдарды (мозаика же курак сыяктуу) жасоо. Кинусайга техникасында кагазга чийме түзүлөт, анан баары боёлот, ар бир фрагменттин өзүнүн түсү болот. Бул фрагменттер номерленет, андан кийин бардык саптар жыгач тактайга которулат, ал жерде номерлөө да ишке ашат. Эскиздин контуру боюнча 2 мм гана тереңдиктеги оюктар кесилет. Андан кийин эски жибек кимоно алынып, андан бир аз чоңураак өлчөмдөгү (1 мм) түстөгү майда кесиндилер кесилет. Бул жибек өөндөрүнүн четтери атайын шайман менен оюктарга

толтурулуп, өөндөрдүн жээги өзү желимдеп чапталат. Оюктарды толтуруу учурунда автордун чыгармачылыгы боюнча кездеменин бир бөлүгү керилип, кээ бир жеринде бүктөлүп кетет. Жапон чеберлери негизинен жибекти колдонуп жүрүшкөн, бирок кийинки учурларда башка кездемелер - зыгыр буласынан да, вискозадан да көп кездешип жүрөт. Жапон курак иштерин түзүүдө ийнелер колдонулбайт,мында жыгач тактайлар, кездемелердин кесиндилери, чебердин фантазиясы жана чыдамкайлыгы керек [6].

Салт боюнча, кинусайганын жардамы менен жапондор табиятты, гүлдөп турган бакчаларды жана шаар пейзаждарын чагылдырганды баалашкан. Кийинчерээк чыгармачылыктын бул түрүн европалаштыруу жапон техникасына сюжеттик көп түрдүүлүктү алып келди, кол өнөрчү аялдар портреттерди жана башка аткарууга кыйын элементтерди тартуудан дагы коркпой калышты [7].

. Жыл өткөн сайын кинусайга технологиясы боюнча адистер көбөйүүдө. Кээ бирөөлөр кол өнөрчүлүктүн бул түрүнөн каржылык пайда көрүшсө, башкалар үчүн, айрыкча оор жумуш күнүнөн кийин эс алдыруучу аракет болуп эсептелет. Мындан тышкары, бардык үй-бүлө мүчөлөрү кинусайга ыкмасын колдонуу менен чыгармаларды түзүүгө катыша алышат. Мындай биргелешкен эс алуу ата-энелер менен балдарды көп убакыт бирге болуусуна,ата-эне менен балдардын ортосундагы мамиленин чыңдалышына,балдарга туура тарбия берүүгө шарт тузөт.

Кинусайга ыкмасын колдонуу менен тартылган сүрөттөр бардык европалыктарга тааныш болгон патчворкту жана кыргыздын курагын элестетет [4].

Алардын ортосундагы негизги айырмачылык курак техникасында кездеме калдыктарын бириктирип тигүү үчүн жиптер жана ийнелер колдонулат, ал эми кинусайга бул куралдарды колдонулбай куралат.

Азыркы учурда биринчиден,көпчулүк мектептерде тигүүчү машиналар жок болгондугуна байланыштуу, экинчиден, башка элдин дагы кол өнорчулүгү менен тааныштыруу максатында” технология” предметин окутууда “кинусайга” ыкмасы менен кыргыз курагын курап көрдүк

Курактын керектүү түрүн тандагандан кийин негизги иш башталат:

- Алгач курактын эскизин даярдап алуу керек.
- Андан кийин, эскиз көчүрүүчү кагазын колдонуу менен пенопластка түшүрүлөт.
- Сызылган сызыктар боюнча пенопластка канцелярдык бычактын жардамы менен 3-4 миллиметр терендикте кесилип чыгат. Бул этапта бардык кесилген сызыктар бир калыпта болушун камсыз кылуу зарыл.
- Даяр болгондон кийин,кездеменин өөндөрүн эскиздин өлчөмүөн 2-3 мм ашыгы менен кыркып алуу керек.
- Андан кийин, пайда болгон өөндөр пенопласттын бетине өз жерлерине кезек менен тизилет, жана алардын четтери кылдаттык менен сызгычтын же желим бычак аркылуу оюктарга киргизилет..
- Эгер өөндөрдүн бекем бекилишин каалсаңыз, аларды оюктарга толтуруудан мурун, четтерине ПВА клейин сүртүп коюу керек.



**1-сүрөт. “Кинусайга-ийнесиз куракты” аткаруу этаптары**



**2-сүрөт. Технология сабагында пенопластка курак тушүрүү**

**Таблица 1. Курак менен “кинусайганын” окшоштуктары жана айыпмачылыктары**

| **Кол өнөрчүлүктүн түрү** | **Курак** | **Кинусайга** |
|---|---|---|
| Окшоштуктары | Кооздук,үнөмдүүлүк | Кооздук,үнөмдүүлүк |
| Айырмачылыктары | Өөндөр бири-бирине ийне-жиптин жардамы менен бекитилип тигилет; үй-буюмдарга,кийимдерге колдонулат | Өөндөр ийне колдонулбай,тактага же пенопластка бекитилет; |

Эксперимент жүргүзүү менен бул техникаларды колдонуп: окуучулардын көркөм табитин, чыгармачылыгын, фантазиясын жана колдун, көздүн, мейкиндик фантазиясынын майда моторикасын өнүктүрүү;

- искусствого, көркөм кол өнөрчүлүккө кызыгууну ойготуу;
- көз карандысыздыкка, чыдамкайлыкка, туруктуулукка тарбиялоо максаттарына жете алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү / А. Акматалиев. – Б. Кыргызстан., 1996. – 45-50 б.
2. Кайыпова Ж. Студенттердин көркөм өнөөгө болгон кызыгуусун өнүктүрүү теориясы жана методикасы. Бишкек-2011. 57-б.
3. Кыргыз Совет энциклопедиясы.
4. Акматалиев А. Кыргыздын колдонмо-жасалга кол өнөрү [Текст] /А. Акматалиев. - Ф: Адабият, 1989, – 62-74 б.
5. Тырс Л. Ю. Жапан кол өнөрчүлүгү –“ Кинусайга”. 2019. 150-б.
6. Полина Выборнова Жапон кинусайга техникасы – искусство. 2018. 300-б.
7. Шабанова М. Г. Кинусайга техникасы менен картина. 2017. 145-б.

УДК 373.2:745
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-260-270

**Жолдошева А.**
И. Арабаев атындагы КМУ, костюмдун технологиясы жана чеберчилиги, текстиль кафедрасы, окутуучу
**Жолдошева А.**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра технология и искусство костюма, текстиля, преподаватель
**Zholdosheva A.**
KSU I. Arabaeva, Department Technology and art of costume, textiles, teacher

## ЭЛДИК КОЛДОНМО-ДЕКОРАТИВДИК ИСКУССТВО МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА РУХАНИЙ МАДАНИЯТТЫ ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТЫ
## НАРОДНОЕ ДЕКОРАТИВНО-ПРИКЛАДНОЕ ИСКУССТВО КАК СРЕДСТВА ВОСПИТАНИЯ МАТЕРИАЛЬНОЙ И ДУХОВНОЙ КУЛЬТУРЫ
## FOLK ARTS AND CRAFTS AS A MEANS OF EDUCATING MATERIAL AND SPIRITUAL CULTURE

**Аннотация:** макалада колдонмо- жасалга өнөрүнүн түрлөрү жана алардын келечектеги мугалимге руханий тарбия берүүдөгү ролу каралган. Ошондой эле,педагогикалык эксперименттин материалдары берилип, .келечектеги технология мугалимдерине кыргыз элинин колдонмо-декоративдик искусствонун түрлөрү тууралуу маалымат берүүнүн форма методдору сунушталган.

**Аннотация:** в статье рассмотрены основные виды декоративно-прикладного искусство и их значение в духовно-нравственном воспитании будущего учителя технологии. Также был представлен материал педагогического эксперимента, будущим учителям технологии были предложены методы и формы информирования о прикладном и декоративно-прикладном искусстве кыргызского народа.

**Annotation:** the article discusses the main types of arts and crafts and their importance in the spiritual and moral education of the future technology teacher. The material of the pedagogical experiment was also presented, the future teachers of technology were offered methods and forms of informing about the applied and arts and crafts of the Kyrgyz people.

**Негизги сөздөр:** окутуу, тарбиялоо, каада-салт, колдонмо- декоративдик искусство.

**Ключевые слова:** обучения, воспитания, традиция, декоративно-прикладное искусство.

**Keywords:** training, education, tradition, decorative and applied art.